К. Дербишев атындагы
Талды-Булак орто мектебинин
10-классынын окуучусу
Эсенбекова Каныкейдин
,,Өмүрү өрнөк - адам” деген темасы боюнча
изилдөөчүлүк долбоордук иши.

Жетекчиси: Джаманкулова А.Дж.



Ухжалмой
Быисовой Жузум




**Кадырман ак элечек энелер!**
**Урматтуу эже-сиңдилер!**
**Асылзат айымдар!**

Биз бул майрамды өзгөчө учурда – Курманжан Датканын 200 жылдык жана Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгын 20 жылдык кош маарекеси менен бирге белгилеп отурабыз.

Мына ушул бурулуш жылда баарыңыздарга адам дык, энелик бакыт, бекем ден соолук каалайм!


Дайыма ырыс ыроолошуп, жакшылык жанашып жүрө берсин!

8-март Эл аралык майрамыңыздар менен,

**Президент** **Роза Отунбаева**

# Жузум Дөөлөтбак кызы - Осмон келини

Ардагер мугалим, акын жазуучу,
уз чебер, “Жаңы мезгил” газетасынын
штаттан тышкаркы кабарчысы
Президенттик стипендиянын -
стипендиянты, Жайыл районунун
“Ардактуу” атуулу



18 жаш



85 жаш


# "ЖАҢЫ МЕЗГИЛДЕ"-70 ЖЫЛ

Заттардын сан жетпеген молекулалары бири-бирине окшобогондой эле, дүйнө жүзү боюнча адамзаттарынын да өңү-түсү, кулк-мүнөзү, ишке жөндөмдүүлүгү, адамдарга жасаган мамилеси да окшошпойт. Мына ушуларды иргеп турғандар - бул газеталар. Алардын ичинен бизге жакыны "Кыргыз туусу", "Аалам", "Чүй баяны» жана "отко жакын көсөө" дегендей өзүбүздүн райондук "Жаңы мезгил" газетасы. Ушул макаламда "Жаңы мезгилдин" 70 жылдык юбилейине, жетимиш жыл ичинде анын өтөгөн ишине көз ирмемчелик кайрылып өткүм келди.

1933-жылы кыргыз эли отурукташып, эркин жүргөн эл колхоз-совхоз дегенге көнө албай, бир жагынан ачарчылык каптап, ага кошумча боордош казак элинин эгини күйүп кетип алардан да ооп келгендер болуп, элибиз оор абалда калганда ушул "Жаңы мезгил" газетабыз "Колхоз эмгеги" деген наам менен чыгып, элдин маанайын көтөрүп турган. Андан кийинки ар бир үйгө бүлүк салган 1941-жылдын согуш кыйынчылыктарын айгинелеп, элге жеткирип турду. Кызматкерлердин, интеллигенттердин, колхозчулардын эмгегин электей элеп турган газетабыз "Колхоз эмгегинен" "Эмгек даңкы" деген атка которулуп, эгемендүүлүктүн жаңы доорунда "Жаңы мезгил" наамы менен элге эмгек кылууда. Жаманыбызды сындап жакшыга жеткирип, жакшыбызды мактап андан жогорку деңгээлге көтөргөн гезитибиз доордун өзгөрүшүнө жараша өзгөрүлүп, азыр райондун калкынын сүйүктүү газетасына айланды.

*"Жаңы мезгил" келе бергин, ар бир*
*үйдүн эшиктерин сагалап,*
*Көрө албастын дини, дили сен*
*аркылуу агарат.*
*Жетимиш жыл юбилейин чын*
*дилимден куттуктайм,*
*Уча бергин райондун эли-журтун аралап.*
*Эмгекке сүрө элимди, данга*
*толтур жеримди,*
*Арам ойду талкалап, адал-ойду калкалап,*
*Жарчы болуп юбилейлик жылында*
*"Жаңы мезгил" шаңга толгун,*
*алга, алга, алгалап.*

*Жүзүм ОСМОНОВА,*
*ардагер мугалим, Бөксөжол айылы*



## Ар кайсыдан аз-аздан

## Өнөрлүү өргө чыгат

# АЙЫЛДА АРДАКТАЛГАН АДАМ БАР



Өтөлгөлүү өмүр сүрүү менен өткөргөн өмүрүндө өнөрдү өрнөк кылып калк арасында карапайым гана жашап, түбөлүккө тандап алган сүйгөн кесибинин өтөлүнө чыгып, ырашкерликти эш тутуп ырыстуу карыган адамдар бала-бакырасы, кошуна-колону, жалпы журтчулук үчүн сүймөнчүк. Мындай адамдар өз кызыкчылыгынан өзгөнүкүн ойдо коюп, жекече эмес жалпы жамааттык маанидеги ой жүгүртө билүүсү менен башкалардан ат чабымдай өзгөчөлөнүп турушат. Ой жүгүртүүсүнүн, максат-маанызынын диапазону да кенири. Түмөн түйшүктү түгөй кылып, өз милдетимди өтөп бүттүм деп тынч гана жатып алуунун ордуна өзүнө-өзү жаны түйшүктөрдү үйүп кара жанын карч урганы урган. Жайыл районундагы Бөксө-Жол айылынын кадырман адамы чебер уз Жүзүм Осмонова мына ушундай жаны жай албаган инсан.

Жүзүм эженин кол өнөрчүлүк өнөрү чынында отуз жылдан ашуун Талды-Булак орто мектебинде математика, черчениеден сабак берип үзүрлүү эмгектенип жүрүп, педагогдук кесиптин өтөлүнө чыгып, татыктуу эс алууга чыккандан баштап өнүгө баштады. Мурда деле негизги педагогдук иши менен кол өнөрчүлүк өнөрүн айкалыштырып бирге ала келгени талашсыз. Пенсияга чыккандан баштап бир бет узчулук өнөрдүн артынан сая түштү дегенибиз.

Учурда өнөрлүү өрдөйт демечи. Жүзүм эженин өнөрү да күн санап өркүндөп, анын колунан жаралган улуттук кол өнөрчүлүк буюмдары көркөм өнөрдүн күйөрмандарына таанымал. Өзү бир топтон бери Кыргыз Республикасынын кол өнөрчүлөр Союзунун мүчөсү. Көптөгөн райондук, облустук, республикалык кароо-конкурстардын жеңүүчүсү.

Ж.Осмонованын башка уздардан айырмасы - улуттук кол өнөрчүлүк буюмдарын дүйнөлүк рынокко ылайыктап жасоого далалаттанып жатканында. Мындай буюмдардын көлөмү кичирээк келип, түстөрү кылдаттык менен тандалат. Ушунун мисалында кичине кыздын такыяга окшотуп жасаган сары калпагынын көп кырдуулугу бир көргөн көзгө дароо байкалат. Баш жагы боз үйдүн формасы өндөнүп, туурдуктарына тыйын тагылган. Элдик чебердин көз жоорутуп жасаган бул эмгеги музейге коюу укугун жеңип алды. Ушундай эле таасын баага ээ болгон дагы бир эмгеги - эркек балдардын кийиз калпагы. Ага өзгөчө көрк берип турган боорунда сайылган найзанын сүрөтү автордун өзүнүн жеке ой толгоосунан жаралган табылга. Дүйнөлүк рыноктун өлчөмүндө иш жүргүзүү максатында өткөрүлгөн семинарлар, окуу курстары Жүзүм эженин чеберчилигин ого бетер арттырганын белгилөө парз.

Чебер уз үчүн "Манастын 1000" жылдык маарекесинин өткөрүлүшү чеберчилигин даназалоонун жаңы бир этабынан болду десек аша чапкандык болбос. Мына ушул салтанатта күн кечирип, түн күзөтүп көз майын коротуп жатып жасаган буюмдары сынактан сындуу өтүп, өзү республикалык алкакта жез оймок аталышы ак эмгегинин акыбети кайтканы эмеспи. Ойдо карай чарык жип сымал түзүнөн өрдөгөн кан жолдун капшытында орун алган Бөксө-Жол айылынын түштүк ыптасында жергиликтүү бийлик тарабынан "Үлгүлүү үй" наамына татыктуу болгон эженин очок тутанткан орошон ордуна баш баксаңыз кол өнөрчүлүк буюмдарынын көргөзмөсүнө туш келгендей болосуз. Качан болбосун, күн-түн дебей жол улаган жолоочу үчүн уздун эшиги ачык. Ооз тийгизээр даамы даяр. Жарым кылым жакшы менен жаманын тең бөлүшкөн, өнөрүнүн өргө чыгышына көмөктөш өмүрлүк жубайы Алыш Осмон уулу калпанын тукумунан, Бөксө-Жол айылынын молдосу. Эженин өзүнүн чоң атасы Үмөталы ажы ар кандай чөптөрдөн дары-дармек жасап, адамдарды да, малды да дарылаган. Эжеде да элдик дарыгерчилик касиет жок эмес, бар. Чоң атасы сыяктуу эле чөптөрдөн дары жасайт. Бул багытта кеңенирээк сөз өзүнчө болсун.

Жүзүм эженин дагы бир хоббиси - жазмакерлик. Жаш кезинен бери эле райондук "Жаңы мезгил" гезити менен тыгыз байланышта болуп, анын беттеринде жарыяланган кызыктуу макалалары, баатырлар баяны, санжыра, уламыштары, публицистикалык макалалары аркылуу гезит окурмандарына таанымал. Санжырага шыктуу эже Жайыл баатырдын укум-тукумдары тууралуу кенири баяны сандансанга басылды. Автордун тарбия темасына арналган "Ой-казына түйүнү", "Пейил оңолбой, эл оңолбойт", "Кашыктап жыйнаганды чөмүчтөп чачпайлы" ж.б.у.с. мезгилдин талабына үндөшкөн көлөмдүү макалалары, учурдун көйгөйүн чагылдырып, кетирилип жаткан кемчиликтерди четтетүүнүн жолдорун таасын көрсөткөндүгү менен баалуу. Таң каласын, Жүзүм эженин да үй-бүлөсү, неберелери, түркүн түйшүгү жетиштүү. Кээде деп соолуктун айынан жатып калган учурлары да болот. Бирок көмүскө көйгөйгө, кыстап келген кыйынчылыктарга, жеңил желпи сыркоого моюн сунуу ага жат. Жаратылышынан чыйрак, тынымсыз изденүүдө жүргөндү адатка айландырып алган Жүзүм эже үчүн күргүштөгөн күмүш күндөрдү пайдасыз өткөрүп жиберүү ырыстан куру кол калганга тете. Ошон үчүн ал дайыма изденүү үстүндө, өнөрдүн өрүн өрдөп, артына из калтырып калуунун аракетинде. Менимче Жүзүм эже үчүн жашоонун маанызы да мына ушунда.



## УДОСТОВЕРЕНИЕ

Долотбакова

Жузум

учительница

за долголетний добросовестный труд от имени Президиума Верховного Совета СССР Указом Президиума Верховного Совета Киргизской ССР от 24 апреля 1980 г. награжден медалью

„ВЕТЕРАН ТРУДА"

Секретарь Президиума Верховного Совета Киргизской ССР

мая 1980 г

# ЗОЛОТОЙ ДИПЛОМ

Награждается мастер: Осмонова Жузум

Участник Республиканской выставки

Лучших Изделий

Народно-Художественных-Промыслов

Посвященной Первому Профессиональному

Празднику народных промыслов

Председатель жюри

г. Бишкек

6 октября 2006 год


АРДАКТУУ
АТУУ

# СВИДЕТЕЛЬСТВО

## *Почётного гражданина Жайылского района*

## ОСМОНОВА ЖҮЗҮМ

***Ветеран труда, народный умелец, наставник молодежи, внесена в книгу***
**«Почётного Гражданина Жайылского района - Жайыл районунун Ардактуу Атуулу»,**
***за активное участие в социальной жизни района, развитии народного творчества, воспитании подрастающего поколения, за образцовую многодетную семью, в честь празднования «Дня Матери».***

*Глава Жайылской районной госадминистрации*
*Т. Субанбеков*

*Председатель Жайылского районного Кенеша*
*Н. Джумабаев*

*г.Кара-Балта*
*май 2012 г.*